Григорий ПЕТРОВ

84 Р7
П30

# МЫКТЫ АДАМ

kitep.kg
басмасы
издательство

„Эл аралык китеп белекке берүү күнү" менен куттуктайбыз!

Токтогул атындагы

№1 мектеп-гимназиясы

14. 02. 2020 ж.

**Григорий ПЕТРОВ**

# МЫКТЫ АДАМ

Кыргызчага которгондор
**Турсунали БАЙМУРАДОВ,**
**Куштарбек КИМСАНОВ**

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
№ 7143

"KITEP.KG" басмасы, Бишкек, 2019-жыл.

УДК 821.161.1
ББК 84 Р7-4

П 30 Петров Григорий: Мыкты адам /Кыргыз тилине которгондор: **Т. Баймурадов, К. Кимсанов.** Бишкек: 2019. – 64 б.

ISBN 978-9967-9183-8-2

Бул баалуу китеп кыргыз тилинде алгач ирет жарык көрдү. Окшошкон күндөрдү, өлкөнүн оор абалын жакшы жакка өзгөртө алган окуя бир мугалимдин өмүр жолунан алынып абдан кызыктуу чагылдырылган.

Окуган адам ден соолугун, өмүрүн мекенге жана элге арнап, айырмаланган адам болгусу келе баштайт.

Мамлекеттик кызматкерлерге, өлкөсүн, үй-бүлөсүн өнүктүргүсү келгендерге, жашоону жакшыртууну эңсегендерге, мекенчил сезимди сүйгөн ар бир пендеге арналат.

П 4702010201-19

УДК 821.161.1
ББК 84 Р7-4

ISBN 978-9967-9183-8-2

© Kitep.kg, 2019

# МАЗМУНУ


| № | АТАЛЫШТАР | Бет |
|---|---|---|
| 1. | **Ойго салуучу суроолор** | 4 |
| 2. | **Кириш сөз** | 6 |
| 3. | Чечим | 8 |
| 4. | “Профессор Рачинский акылдан адашыптыр” | 16 |
| 5. | Татево айылы | 21 |
| 6. | Сыйкырчы | 28 |
| 7. | Шайтан шишеде | 34 |
| 8. | Өзүнчө пайда болгон алмаздар | 41 |
| 9. | Таанымал химик Зоболотный | 47 |
| 10. | Дин кызматкери | 50 |
| 11. | Падышанын тактан кулашы | 56 |
| 12. | **Корутунду кеп** | 62 |

# ОЙГО САЛУУЧУ СУРООЛОР

Адам баласы мыкты ойлоно алат. Маанилүүсү – ал ойлордун натыйжасы менен кайсыдыр бир ийгиликти багындыра алуу болуп саналат. Ага жетүү үчүн дале болсо туура ойлонуу жана туура ойго жараша мыкты кадамдарды таштай билүү деген артыкчылыктарга ээ болуу шарт.

Азыр 21-кылымда жашап жатабыз. 41-кылымда биз кайда жана кандай абалда болобуз? ...Эгер андай болсо, анда эмне себептен мындайбыз, ошого ылайык жашай албай жаткан жокпузбу?

Жакшылык жана жардам деген сөздү жашообузга ураан кыла алабызбы? Ал үчүн бизден эмнелер коротулат?

Каза болгон жакындарыбыз капыстан тирилип келип калса, анда биздин ушул абалыбызга карата кандай кеп айтаар эле?

Мүмкүн биз өмүрүбүздүн мындан аркы бөлүгүн бул өлкөдө эмес, дүйнөнүн такыр башка тарабында жашап өткөрөөр болсок, өзүбүз менен ал жакка 1 гана шерик алып кетүү шарты турса, анда кимди ээрчитебиз?

Бала кезибизде сабаган мышык, ит, жылан, төөк капкараңгы жайда маңдайыбызга пайда болуп калса, эмне деп актанып, анын өч алуусунан кантип өлбөй кутула алышыбыз мүмкүн?

**Жарыгыбыз айланага тийбесе,**
**Жагдайыбыз ар нерседен кирдесе,**
**Жаратылыш улам турса өзгөрүп,**
**Жан дүйнөбүз аны такыр билбесе.**
**Жоругубуз оор жүктөрдү өңөрүп,**
**Жүдөп жүрсөк, ким болобуз, ким десе?!**

**Кандай кушпуз туура туурга коно албай?**
**Кемтикпиз э, деңиз болуп толо албай?..**
**Адамбыз деп айтып коюп, а бирок,**
**Жүрөбүз э, толук адам боло албай? ..**
**Негизгиси, бир ойлонуп көрөлү,**
**Не турабыз улуулукка жол албай?..**

# КОТОРМО КОЛУБУЗДА, ИЙГИЛИК ЖОЛУБУЗДА.

Кадырман окурман журт! Сиздерге дагы бир жаңы котормо китебибиз аркылуу салам сунуп келип олтурабыз. Көп окугандардын эсинде бар, мындан 6 жыл мурда, 2013-жылы ушул автордун бир китебин кыргызчалап китеп кылып чыгарган элек. Ооба, эстедиңиз, ал китеп – “Бир өлкөнүн өнүгүү тарыхы”. Мына, кайрадан Григорий Петровдун жашообузга үлгү болчу экинчи китебин которудук.

...Башкача бир кыялдарга саякаттоо үчүн төмөндө эсибизге келген бир нече учкул сөздөрдү айтып өтөбүз.

“Күтүүсүз белектерди жашоодон күтүп жашабай, күткөндөрүңдү өзүңө өзүң белек кыла алгыдай деңгээлде жаша”.

“Алгандарың сага жакпай жатса, анда бергендериңди өзгөртүп көр”.


“Сууга түшүп кеткендигиң үчүн чөкпөйсүң, сүзгөндү билбегендигиң үчүн чөгөсүң”.

“Жакшы иштерди ойлонгонуң - жакшы, аны жасай алсаң -андан да жакшы”.

“Эл эмне дээр экен?” деген суроолуу ойду иштин аягына коё билүүнү да үйрөн. Себеби жашоо жана тандоо сеники!

Бул даанышман сөздөр бизди жакшы ойлонууга, мыкты адам болууга үндөйт. Жаны жай албай иштегендер деле пайдалуу иштей албаса, анда омоктуу өмүр сүрө албайт эмеспи. Турмуштагы кубанычтан улам төбөсү көккө жеткен абалды баары самайт. Бирок ага аракет кылгандар аз. “Ийгиликти баары лотореядан утуп алгысы

келет, ал тургай лоторея сатып албагандар дагы" дегендегидей болуп эмгексиз үмүт этүүнү жоюшубуз керек.



Колуңуздардагы бул китеп башкалардан башкача ойлоно алган, албан аракети аркылуу айылын, андагы адамдарды, айылы аркылуу өлкөсүн өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошо алган каармандын сыймыктуу турмушун элестүү баяндаган мыкты эмгек. Кызыктуулугу керемет болгон бул китепти окуп, таңданып, өзгөрүп, жашооңуздарды жаңылоого кечикпей кадам коюңуздар демекчибиз.

**Куштарбек КИМСАНОВ,** жазуучу. "Кадырман" чыгармачыл коомунун башчысы.

12.07.2019.

## ЧЕЧИМ

Университеттин профессорлору, студенттери жана окумуштуулар чөйрөсү акылга сыйбаган, уккан кишини аң-таң калтырган окуяны баштан өткөрүштү .

Ал буга чейин болуп көрбөгөн, учурдун түшүнүгүнө, ал тургай жашоо стилине туура келбеген окуя эле. 1880-жылдары Москва университетинде жүз берген бул жагдай таасирдүү болду.

Университеттин эң жаш окумуштуусу, математика илиминин доктору, профессор С. А. Рачинский ээлеген кызмат ордунан өз каалоосу менен арыз жазып баш тартты. Андан да таң калыштуусу жогорку окуу жайда эмгектенген абройлуу профессор Орусиянын Смоленск губерниясынын Татево айылындагы орто мектепте мугалим болуп кызмат өтөө үчүн Билим берүү министрлигине арыз калтырды.

Ал жаш болгонуна карабай илимпоздордун арасында жана илимий чөйрөдө атагы чыгып, кадыр-баркка ээ болгон окумуштуулардын катарын толуктап турган. Математика боюнча жазган китептери, макалалары жана илимий ачылыштары француз, англис жана немец тилдерине которулган. Жаш илимпоздун аброю чет элдик окумуштуулардын арасында да жогору бааланган. Рачинскийдин илимий эмгектерине назар салган киши анын өзгөчө акылга ээ, зээндүү жана математикалык терең

билимге ээ окумуштуу экендигин дароо аңдап биле алган. Өмүр жолунда жаңы илимий көз карашты пайда кылып, көптөгөн актуалдуу маселелердин чечилишинде зор роль ээлеген. Ошол учурдагы Европа окумуштуулары Рачинскийдин математика илимине зор салым кошуу менен бирге жаңы ачылыштарды жасаарын кызыгуу менен кабыл алышып, анын эмгектерин калтырбай кууп окуп, өз тилдерине которуп турушкан.

Университеттин студенттери да өздөрүнө абдан жакын сезген жаш профессорду терең урматтап, лекцияларын калтырбай угуп, окуу залдар дайыма толуп турчу. Жаш окумуштуунун илимдеги жаңы стили студенттерди өзгөчө кызыктырчу. Студенттерди өзүнө тартып, илим дүйнөсүнүн керемет абасын жутууга үндөп, дайыма дем-күч берип шыктандыраар эле.

Рачинский - педагог катары чыныгы чыгармачыл устат. Анын лекциялары айрым лекторлордун лекциялары сыяктуу кургак, супсак, практика менен айкалышпаган, түрдүү китептерден көчүрүлүп алынган кызыксыз лекциялардай эмес. Профессор дайыма өзү да жандуу, пикир дүйнөсү тирүү, сезимтал мүнөздөрү менен артыкчылыкка ээ окумуштуу эле. Окуган лекциялары практика менен айкалышкан, ар дайым турмуштук мисалдар менен байытылган кызыктуу, түшүнүктүү болчу.

Студенттер профессордун лекцияларынан, жаңыча илимий көз карашынан, жүрүм-турумунан жана жеке жашоосунан таасир алышкан. Келечекте пайда боло турган ар түрдүү жагдайларга карата жаңы көз караштын сабагын алып, жакшы калыптанып жатышкан.

Рачинскийдин бул университетте окумуштуу катары лекция окуй баштаганына он жыл толо элек болчу. Ушул берекелүү, кыска убакыт ичинде аспиранттарынан үчөө илимде чоң эмгек жасап университетте профессордук кызматка окумуштуулар кеңешинде талапкерлиги

көрсөтүлгөн. Окуу жайда башкача көз караштагы, жаңыча стилдеги жаш окумуштуулар пайда боло баштаган. Мындай ийгиликтер Рачинскийдин жеке кадыр-баркка ээ болуп, амалдын, атак-даңктын кумарына мас болуп жашоо эмес, илимдин тереңине сүңгүп сүзүп, билимди элдин жеке жашоосун оңойлотууга сунуп, анын жанында “адам өстүрүү” деген көкүрөк дарты бар максатта экендигин айгинеледи. Албетте мунун баары анын “адам өстүрүү” талантынын күчтүүлүгү жана бул багыттагы тунук ойлорунун амалга ашып жаткандыгы болчу.

Бирок, илимий чөйрө аны менен сыймыктанып, келечекте математикада зор илимий ачылыштарды күтүп жаткан учурда, өз каалоосу менен арыз жазып үмүткер илимий чөйрөнү таштап кетип жатышы, университеттеги кызматтык өсүүсүн ыктыярдуулук менен чанып баратышы өз мезгилинин чоң окуясына айланды.

Уккан кулактын баары бири-бирине “Эмнеге?” деген суроо узатуу менен жообун таппай, түшүнө алышпай айраң-таң калып жатышты.

“Эмнеге?” деген суроонун чыныгы жообу – “бир кичинекей айылдагы орто мектепте катардагы мугалим болуу үчүн!” – деп ачыкталса да, ал эч кимдин акылына сыйган жок.

“Эл оозунда элек жок”. “Тилде сөөк жок”. Анын сыңарындай өзүн акылдуу сезген айрымдар акылдуусунуп: “Өзү математиктер нормага түшпөгөндөй, бир аз башкачараак келишет. Алардын акыл, пикирлери көбүнчө “мындайыраак” болот. Жашоо максаттары деле кызыктай келет. Рачинский деген адам деле алардын бири. Биз мактай берип, элдин көзүндө чоңойтуп салган профессорубуз да акыры акылдан адашты окшойт” деп өз деңгээлдерине жараша сөз кылып жатышты.

Бул чечимди уккан университеттин ректору да аң-таң. Рачинскийге кыжырданды:

-Кымбаттуу профессор! Сиз эмне, элге тамаша кылайын деп жатасызбы? Же жаш балача жомоктогу Робинзон сыяктуу жашоого баштаганы жатасызбы? Бул кадамыңыз менен бүгүнгө чейин кандай кыйынчылыктар менен топтогон кадырыңызга оңой эле балта чаап, келечек карьераңыздын таш талканын чыгарып жатканыңызды сезип жатасызбы? Андай акмакчылыкка акыңыз жок!

Ушинтип өз оюнда университеттин келечегин ойлоп, профессордогу акылга сыйбаган идеянын алдын тосуп токтотуп калуунун чарасын издеп жатты.

Профессордун кесиптештери, окумуштуу достору да бул түшүнүксүз сезилген кадамга таң калышып, макул болушпай өз ойлорун билдиришти.

-Сенин бул кадамың ойлонулбай жасалган кадам экенин сезбей жатасың. Айыл мектебинде мугалим болуу сенин ишиң эмес. Сенин ал кичине мектебиңе эптеп сырттан жогорку билимге ээ болгон мугалим деле жетет. Бирок университетибиз сендей чоң илимпозду тирүүлөй жоготсо, кайра ордун толтура албайт. Айылдагы мектебиңдин сенин илимиңе, акылыңа муктаждыгы жок. Эмне кылып жатканыңды жана кайда баратканыңды дагы бир жолу ойлон! Университетте профессор болуп иштөө каякта турат, айылдын мектебинде айылдык мугалим болуу каякта турат? Бир профессордун айылдык мектепте мугалим болуусу бул университеттин жерпайын бузуп кетүү менен барабар. Мындан ары дүйнө окумуштуулары барктаган профессордун китептери айылдын дүкөнчөлөрүндө семичкеге күлөк болот же от тутандыруу үчүн тутурук болот. Же сабиз басуу үчүн аш такта ролун аткарып калат! Кеч боло электе дагы бир жолу ойлонуп көр. Жети өлчөп бир кес. Сен акылдуу кишисиң. Катага жол бербегин!

Профессор Рачинский бардык тынчсызданууларга мындай деп олуттуу жооп айтты:

-Кымбаттуулар!

Силер бир аз башкача ойлонуп жатасыңар!

Мен илимимди, билимимди, тажрыйбамды жана кудай берген талантымды айрымдар ойлогондой керексиз, пайдасыз ишке, жаңылыш максатка жумшаганы жатканым жок. Мен ушул болгон байлыгымды калктын арасында катылып жаткан жаңы таланттарды таап чыгууга жумшаганы кетип жатам.

Баарыңар окумуштуу катары жакшы билесиңер, жер астынан нефти таап чыгууну максат кылгандар жерди оюп, тереңине жетишет. Бул максат үчүн көптөгөн акчалар, көптөгөн мээнет, анан албетте убакыт жумшалат...

Мына мен бүгүн, элимдин рухунун тереңден тереңине түшүп, миңдеген жылдардан бери катылып жаткан таланттарын таап чыгуу үчүн айылга аттанып отурам. Баарыңар билгендей эле, дүйнөгө жаңы келген мурмур жана күчүктөрдүн көздөрү жабык болот. Өзү дүйнөдө болсо да, дүйнөдөн толук кабары болбойт. Эч нерсени көрө албайт. Алардын көздөрү акырындан, бир канча күндөн кийин ачылат.

Эми силер саны жүз миллиондон көп калкыбыздын абалын элестетип көргүлө! Эл, кудай аябай берген таланттын баркына барбай, байкабай, аны өнүктүрүп өстүрбөй өмүрлөрүн өткөрүп келет!

Дүйнөгө таанылган таасирдүү адабиятчыларды жетиштирип чыгарган улуу эл болчу. Ошол эл азыркы учурда өз жазуучуларынын китебин окуганга жана андан улам өзгөрө алуу үчүн окурманы жок эл болуп калды. Жүздөн алтымышы окуу, жазуудан куру болуп, курсагы тойгон менен жан дүйнөсү талкаланып ач олтурат.

Өлкөбүздө руханий көздү ачып, айырмалуу агартуучу боло алган мектептерибиздин саны аз. Бар

болгон мектептерде болсо, окуучуну таасирлентип максатка карай жетелеген идеалдуу мугалимдердин саны жокко эсе. Бул мектептин окуучулары тотукуш сыяктуу болуп баратышат. Алар мугалими берген билимдин маани-маңызын билбей курулай жаттоо менен алек.

Мектептерде билим максатка ылайык берилбей жатат. Жашоо-турмуштан алыс болгон маалыматка мээлер толтурулууда. Өмүрдү, турмушту түшүнүүнүн ыкмаларынан алыс билим берилүүдө. Билимге талапкер окуучулардын рухтарында катылып жаткан илимди сүйүү сезимдерин козгой албаган методдор колдонулууда.

Миллиондогон элибиздин мээлери эгин эгүүгө айдалып даярдалбаган жер сыяктуу жатат. Эч кандай түшүм берүүгө даяр эмес.

Чөйрөбүздө сүйлөнүлгөн сөздөргө кулак салсаңыз, ар бир эл өз элинин зээндүүлүгүн айтып мактангандарын угасыз.

Биздин эл да ар дайым "Биздин жер өтө бай. Жер астында кен байлык көп" деп мактанганы мактанган.

Ооба, туура айтылат. Жер астындагы кен байлыктарыбыз көп. Көмүр, темир, туз, нефть, коргошун, жез... Токойлорубузду айтпай эле коеюн. Электр энергиясын өндүрө турган сууларыбыз айтып бүткүс...

Рачинский, өзүн күнөөлөгөндөрдүн көздөрүнө тигиле карап көкүрөк дартын козгоп турган ачуулуу сөздөрүн улап айтып жатты:

-Мени айыптап, күнөөлөгөн сөздөрүңөрдү угуп жатып жүрөгүм сыздады.

Келгиле, чындыкка келели. Апыртып эле мактана бербейличи. Чындыгында, бизде бардыгы бар болгону менен колубузда, элибизде эч нерсе жок. Реалдуулукта эч нерсе жок! Жерибиздин асты байлыкка толо болгон менен, жер үстүндө жашап жаткан элибиз кедейликтин күнүн

көрүүдө. Жер асындагы кен байлыктан пайдаланууну мындай коё туралы. Жер үстүндө жер айдап эгин эгүүдөн алыспыз. Турмуш тиричиликке керектүү азык-оокаттын көпчүлүк бөлүгүн башка өлкөлөрдөн сатып алып келүүдөбүз. Чет элдин өндүргөн шаймандарын колдонуудабыз. Бөтөн мамлекеттердин техникаларын пайдаланып, кийимдерин, батинкаларын кийип, айнек, самын, дары-дармектерин сатып алуудабыз. Асыл тукум айбандарын, жогорку сорттогу уруктарына каражатыбызды коротуудабыз. Керек болсо кагаз, шам жана боёкторго чейин четтен сатып алып ташып келүүдөбүз.

Өзү эмнелерди сырттан сатып албайбыз? Ойлонуп көрүңүздөр, аны да сиздер айтыңыздарчы!..

Өндүрүшүбүз кандай абалда? Чындыгында өтө аз өндүрөбүз. Калемсаптан тартып ийне-жип, түймөлөргө чейин сырттан ташып келебиз. Эгер сырттан алынып келинген түймөлөр болбогондо шымдарыбызды деле түймөлөй албай шерменде болмокпуз. Сырттан алынып келинген жүзаарчылар болбогондо мурдубузду да аарчый албай "өлмөкпүз". Сырттан алынып келинген бычак, кашык, вилка болбогондо дасторкондо тамак да жей албай кыйналмакпыз.

Кыскасы, "бул биздин өндүрүшүбүздөн" деп мактана турган товарыбыз жок. Элибизге керек-жарактын, азык-оокаттын баары сырттан кымбат баага алынып келүүдө. Элибиз ар түрдүү азап-тозокту көрүп, кыйынчылык менен тапкан бар байлыгынан башкаларга кымбат төлөп, аларды гана байытып жатат. Ошентсе да биз куру мактанып өзүбүздү өзүбүз алдап келебиз. "Биздин өлкө дүйнөнүн эң бай өлкөлөрүнүн бири." дейбиз.

Элдин жашоо деңгээлине жакшылап карагыла. Ойлонуп көргүлө, жүз миллиондогон элибиз билим берүүнүн шарттарын толук пайдалана албай келет.

Урматтуулар! Жүз миллионду түзгөн улутубуз жаңы төрөлгөн күчүк сымал көздөрүнүн ачылышын эңсеп келет. Көпчүлүк элибиз көр. Көр төрөлгөн күчүктүн көзү деле бир эки жумада ачылат.

Ал эми биздин элдин көзү жүз, беш жүз, балким миң жылдан бери көр бойдон ачыла албай келет. Бул чындыкты ойлонгон сайын жүрөгүм ооруйт.

Айылдарда турмуш кечирген элибиздин кандай шарттарда жашаганын элестетип көрүңүз. Алардын үйлөрү эски, тар, караңгы, ным жыттанган абалда. Терезелери кичине жана шыптары пас. Бул айылдыктардын жашоолору да үйлөрү сыяктуу суук жана жүдөө.

Эркектердин аялдарына мамилеси корс. Үй-бүлөгө болгон жоопкерчилик жок. Айылдыктарыбыз жашоолорун ушак-айың, уруш-талаш менен өткөрүп жатышат. Аракечтик каптап, адеп-ахлак жагынан тездик менен төмөндөө болуп жатат.

Көпчүлүк аймактарда элибиз жугуштуу ооруларга дуушар болушуп, өлүм менен алпурушуп жеңилип калууда. Жыл сайын "трахома" көз оорусу он миңдеген адамдарыбызды көрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууда. Кызамыктан жана башка оорулардан бир жылда жүз миңдеген бөбөктөрүбүз жабыр тартууда.

Ардактуулар! Мына ушундай мышык ыйлаарлык абалыбызга карабай, биз улуу элбиз, биз зээндүү элбиз, биз иштерман элбиз, таланттуубуз, назикпиз, кичи пейил элбиз деген сыяктуу мактаныч менен өмүр улап келебиз.

## "ПРОФЕССОР РАЧИНСКИЙ АКЫЛДАН АДАШЫПТЫР"

Залда кыска бир тынчтык өкүм сүрдү. Рачинский сөздөрүн токтогон жеринен толкундоо менен кайра улантты:

-Ооба, сиздердин айткандарыңыздар туура. Ага мен да кошулам. Жерибиз кен байлыкка бай. Бирок бул кен байлыктар жердин тереңинде жайгашкан. Бир канча талантын пайдалана билген мээнеткеч, билимдүү адамдар гана аны жердин тереңинен казып чыгара алышат. Дүйнөбүздүн рухий байлыктары да мына ушундай. Ал элибиздин рухунун тереңинен орун алган. Алтын, көмүр, туз, темир сыяктуу байлыктар да өзүнчө эле жер бетине даяр болуп чыкпайт. Адам жерди казып жатып кыйынчылык менен жер бетине чыгарат.

Мына мен да, элибиздин рухуна терең катылган кендерди: адамдык сезимдерди, адамгерчиликти, асылдыкты таап чыгуу максатында туулган айылыма кайтып кетип жатам.

Рачинскийдин жообун угуп олтурган жаш окумуштуу кесиптеши, геология боюнча адис, чет мамлекеттердеги бир канча университеттерде лекция окуган илимпоз Павлов мындай деп үн катты:

-Урматтуу профессор! Сиздин чыныгы ордуңуз кен байлык шахталары эмес. Сиз орду дайын таанымал окумуштуусуз. Жөнөкөй бир кен казуучу кызматкер эмессиз. Сизге айтып коёюн: "Чоң кемелер, чоң сууларда, океандарда сапар тартат." Сиз жүргүнчүлөрдү кичине

көлдүн берки өйүзүнөн аркы өйүзүнө ташыган кичине кайык эмессиз. Сиз океандарды багынтуучу трансатлантик кемесисиз.

Акылынан адашып турган профессорду жолунан кайтаруу үчүн аракет кылып турган калган окумуштуулар жаш геологдун маанилүү сөздөрүн кубаттап “Браво! Браво!” деп коштоп турушту.

Профессор Рачинский кесиптештерине үмүтсүз карап, башын чайкап, дагы кыйла ойлоно түшкөдөй абал менен сөзүн улады:

-Мага карата айтып жаткан сөздөрүңүздөрдө мени мактап же алкап жатканыңыздарды кабыл алгым келбей турат. Мен үчүн айтылган алкыштардын эч мааниси жок. Айталы, чын эле сиздер мактагандай болсун!.. Мен да чын эле сиздер айткандай океандарды багынта алган трансатлантик кемеси болоюн. Анда сиздер да мына ошол билимге суусап турган сабатсыз калктын калың катмары ошол океандай экенин билиңиздер. Карабайсыздарбы, биз мына ошол океанга тажрыйбасыз, чоң сууда сүзө албаган кичинекей кемелерди сүздүрүп жатпайбызбы?.. Акыбетинде алардын да чөгүп кетип жатышы турган эле иш. Миллиондогон айылдык сабатсыз, караңгы калкыбызды агартуу үчүн биз билими тайкы жаш мугалимдерди жөнөтүп коюу менен тим болуп отурабыз. Натыйжада билим берүү системабыз максатына жетпей жарым жолдо калууда.

Эмне үчүн шаарларыбыздагы үйлөрдүн терезелери чоң болсун да, айылдарыбыздагы үйлөрдүн терезелери кичинекей бойдон кала бериш керек? Анын үстүнө кичинекей терезе сынып калса, эптеп жамап, кленкалар менен жаап салыш крекпи? Эмне, айыл калкынын бөлмөлөрү жарык нурга, жылуулукка жана таза абага муктаждыктары жокпу?

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 7143

Бирок, сиздер жакшы билгендей эле, мол жарык нур өткөрүп бөлмөлөрдү ысыкка бөлөп туруу үчүн чоң терезелерге муктаждык болот. Чоң терезелер да кымбат турат. Ошон үчүн биз, тилекке каршы айыл калкын арзаны менен алдап келүүдөбүз.

Сапатсыз билим берүү ширеңке талчаларына окшойт. Күйгүзсөң бир канча секундда күйүп бүтөт. Жарыгы деле ич жылытарлык болбойт. Караңгылыгы коюу калкка жарык берүү үчүн чоң прожекторлор керек.

Кымбаттуулар! Туулган айылыма, мына ошол чоң прожектор мен болуп берейин деп жетишкен ийгиликтеримди чанып отурам. Мына ошол керектүү жарык мен болоюн деп бейпил жашоомду бузуп жатам. Мен айылымда бийик жарыкты жандырууга, чоң оттордун отун тутандырууга ниет кылып турам. ..

Жаш окумуштуу геолог, тим калбастан Рачинскийдин жообуна дагы минтип жооп айтты:

-Бирок сиз бул кадамыңыз менен университеттеги жанып турган отту өчүрүп жатасыз!..

Рачинский:

-Университетибизде менден башка да отту өчүрбөй тутандырып улап турууучу окумуштуулар бар. Жок дегенде менин аспиранттарым деле менин ордумду басат деп ишенем.

Борборубузга өтө алыс болгон Татево айылында болсо коюу караңгылык өкүм сүрүп турат. Ал жер менин кичимекеним, элим. Бул мени тынч уктатпай кыйнап жатат.

Жүз миллиондогон элибиз караңгылыктын түпкүрүндө жардамдашууучу колдорду күтүп жашайт.

Чындыгында билимдүү бир инсан деле караңгыны кууп жок кыла алчу бир шам сымал. Эгер шам жанып,

жарык берем деп ээрип азап тартпаса, анда жарык кайдан болсун?. Сиздер деле билип тургандай, өлкөбүздө миллиондогон шам болгону менен караңгыны жарытуу үчүн жанбай жатышат.

Кана эми баарыбыз калкка кызмат үчүн инсандык кызыкчылыктарыбыздан баш тарта алсак, жыргал жашообузду кыйынчылыкка алмаштыра алсак. Анда ар бир жараныбыз, элибиз, өлкөбүз, деңгээлибиз, маселелерибиз башкача болбойт беле.

Урматтуулар! Эми ойлонуп көргүлө. Оозубузду көптүрүп элди мактап, элге таянып сүйлөгөндү жакшы билебиз. Бирок ар бирибиз эл үчүн эмне кылдык?! Элдин кемчилигин айтып кейигенди жакшы билебиз. Ал кемчиликтерди жоюуда, кемтиктерди толуктоодо ошол эл үчүн эмне кылдык?!

Бул жолу Рачинскийдин кесиптештери баштарын жерге салып унчукпай отуруп беришти.

Жалгыз гана жаш окумуштуу геолог тынчтыкты бузуп, бул сөздөргө кайра эле макул болбой сөз улады:

-Сиз өзүңүздү өтө арзан баалап жатасыз. Бүтүндөй европалыктар тааныган профессорлук кадыр-баркыңызды, жөнөкөй айыл мектебинде мугалим болууга алмаштырып жатасыз!..

Рачинский кесиптешинин оюн тыңдап укту. Анан ачуу жутунуп алып мындай деди:

-Жеке түшүнүгүмдө чындыгында мен эч нерсе жоготпоймун. Кичинемден кыялданып келе жаткан “элиме кызмат кылуу” жолуна бүгүн сапар баштап отурам. Кыялымды турмушка ашырып, аны утопия эмес чындыкка айландыруу үчүн туулган айылыма жөнөп жатам. Кыялымдын ишке ашуу убактысы бүгүн келип турат.

Менин айылымда он миңден ашык адам жашайт. Алардын абалы мага кенен маалым. Мен мына ошол элден чыккам. Аларга кызмат кылууга карызмын. Ушул күндөрдөн баштап карызымды төлөй ала турган абалдамын. Ошондуктан оюмдагы да, мойнумдагы да карызымды төлөө үчүн маанилүү деп эсептелген ушундай чечим кабыл алып жатам.

Рачинскийдин максаты, ой-тилеги мына мындай эле. Ар бир агартуучу өзү чоңойгон, таанып билген он миңдеген чөйрөсүнөн таланттарды таап жана таптап чыкса, чарчабай, талыкпай эмгектенүү менен алардын келечеги үчүн мээнет кылышса, жок дегенде үлгү болуп араларында жашап турса калың элдин катмары жакшылыкка карай ылдам кыймылдап өнүгүп өсүү кенен орун алмак.

Окумуштуу катары элдин арасында орун алган ар кандай маселелерди чечүүнүн жолдорун алдын ала ойлоп, өлчөп койгон. Ал үчүн элдин көйгөйү менен күрөшүү – татаал математикалык теңдемени чыгаруудай эле мааниге ээ. Анын максаты – маселенин чечимин элге көрсөтүп, элдердин өздөрүнө болгон ишенимдерин ойготуу эле. Мына ушул жерден мезгилдин күрөө тамырын кармап, элге кызмат кылган таланттуу адамдардын жаңы бир кыймылын кыймылдатуу болчу. Бул кыймыл болочокто жүз миллиондогон элдин кыймылы болмок.

Рачинскийдин кесиптештеринин айрымдары анын максатын түшүнүп туура кабыл алса да, айрымдары өз түшүнүгүнө теңеп, баш чайкашып кала беришти. Эмнеси болсо да алдыда баарын убакыт аныктап көрсөтөөр. Маселенин кандай уланаарын сезген кесиптештери аягында абройлуу жаш илимпоз мырзасына жакшылык, ийгилик каалап кала беришти.

## ТАТЕВО АЙЫЛЫ

Рачинский чоң максат менен айылына келди. Шарты мыкты шаардан, катардагы кыштакка келип жашоо улантуу жеңил болмок беле. Ошентсе да эч кимден материалдык да, руханий да жардам күтпөдү жана жардам да көрбөдү. Ал убактарда билим берүү министри Конт Делианов болчу. Чөйрөсү кең, ак үйдөгүлөргө жакын киши. Мүнөзү корс, тилин табуу кыйын. Цардын эң жакын кеңешчиси болгон Побеносовдун да жакын досу эле.

Рачинскийдин айыл мектебине мугалим болуу арызы министр К. Делиановдун колуна тийгенде, ал түшүнө албай мындай деди: "Эмне, Рачинский айылдык мектепке мугалим болом дейби? Акылынан адашыптыр! Эгерде бул кишини балалыгынан бери таанып баганымда "мунун оюу жаман, элдин ичине акырын аралашып саясий максат көздөп жаткан го" деп ойлонмокмун. Бирок, мен аны жакшы тааныймын. Анын саясат менен байланышы жок. Ал табиятынан чын эле элге пайдалуу болсом деген адам.

Бирок, бул таланттуу киши айылдагы ичкич эркектердин арасында эмне кыла алмак эле. Андай айылга профессор керек эмес, камчысы күчтүү милиция керек. Эл барган сайын бейтартип, ээнбаш болуп баратат. Аларга темирдей катуу тартип керек.

Ал эми Рачинский айылды башкача ойлоп жатса керек. Эмне демек элек? Кадыры бар киши. Бир барып иштеп көрсүн. Бир жыл өтпөй Москва университетине кайра кайтып келет да."

Айылдын элитасы Рачинскийди жактырбай тосуп алышты. Профессордун бетине эле мындай дешти:

-Сиз биздин айылдыктарды бузганы келдиңизби? Максатыңыз эмне? Айылдыктарга билимдин кереги жок. Айылдыктар окуп эмне болмок эле?!. Жер айдап, эгин эгүү үчүн жана мал багуу үчүн бизге профессордун кереги жок. Аны эл окубай-этпей эле билишет. Иштен, чаңдан чарчаган элге арак болсо болду, пивокана болсо болду.

Дагы бир маалымат айтып коёлу, биздин айылдыктар орой-корс, жолкоо болушат. Бир ишти жасатуу үчүн эшекти камчы менен уруп тургандай эле түртмөлөп туруу керек. Өздөрү билип бир иштин үстүнөн чыга алышпайт. Ал эми оюн-зоокко келгенде алардан өткөн шайыр, алардан өткөн бактылуу адам жок. Оюн-күлкүнү уюштурууда ушунчалык чебер, ушунчалык уста кишилер...

Айыл элитасынын мындай сөздөрүн укканда Рачинский өзүн ушунчалык жаман сезип кетти. Бирок, ал айылдыктардын абалын билип келди да. Ушундай коркунучтуу абалды токтотуп, элдин түшүнүгүн башка багытка бурганга ниеттенди да.

Боюна ой батырган Рачинский айылдын алдыңкыларына жооп кылып мындай деди:

-Сиздерде эч кандай уялуу сезими жокпу? Айтып жаткан элдин абалынан уялбайсыздарбы? Алар сиздердин, биздин эл го. Бул сиздердин, биздин абалды билдирет. Өзүңүздөрдү бөлүп карабаңыздар. Себеби сүт кандай болсо, каймагы да ошондой эле болот.

Сиздерди, элди тойгозгон ошол сиздер айтып жаткан жалкоо, орой, алкаш айылдыктар. Сиздердин маданияттуу өмүр сүрүшүңүздөргө ошол айылдыктардын салымы өтө чоң.

Өлкөбүздөгү жүз миллиондон ашык эл кандай шартта жашап жатышат? Муну билесиздерби?

Көптөгөн айылдарыбызда асфальт жол жок. Болсо да тешик-түшүк, жамалган жолдору бар. Билим ала турган мектептери жетишпейт же жок. Болсо да жарытарлык билим бере албайт. Сыркоолосо бара турган ооруканасы жок. Элдин дартын дабалаган мыкты дарыгери жок.

Табиятынан акылдуу, сабырдуу, бардык кыйынчылыкка чыдай билген, момун, жөнөкөй айылдык эл өз тирилигин өзү кылып кароосуз абалда. Элди ойлогон адам жок. Сиздер, биз өз алдыбызча же биригип бул күнөөсүз эл үчүн эмне кылып койдук?

Ооба, элдин чоң катмары орой, корс, жалкоо, араккор, сабатсыз, караңгы, бейтартип экендиги туура. Бирок билими жок, агартылбаган калың элди ушунун баарына күнөөлүү деп ойлогонубуз туурабы? Мындай абал бул элдин башындагы чоң балээ. Бирок бул балээнин күнөөкөрлөрү жана жоопкерчиликтүүлөрү сиздер жана биз.

Өзүбүздү карап талдап көрөлү. Биз жок дегенде окуу-жазууну билебиз, орто билим же жогорку билимге ээбиз. Натыйжада белгилүү жоопкерчиликтүү жумуштарыбыз бар. Адам болдук, аким болдук, чиновник болдук. Бирок андан кийин элге эмне кылдык? Өзүмчүл болдук. Өзгөнү ойлободук.

Билимге ээ адамдардын ар бири башкача тунук ойлонушу зарыл. Мисалга алсак мугалим, доктор, прокурор, сот, инженер, адвокат, милиционер, аскер, ж. б... Булар чындыгында эли үчүн жарык чачкан прожектор болушу абзел. Керек болсо кичине көчөгө коюлган прожектор болсун, керек болсо чоң көчөгө коюлган... же бир аянтка... Алар айланасына жарык чачууга толук милдеттүү. Бирок бүгүнкү күндө андай болбой жатат...

Рачинский ички толкундоо менен сөзүн улантып жатты:

-Биз билимдүүлөр, баарыбыз он жылдап мектепте окудук, андан кийин университет аудиторияларынан жогорку билимге ээ болдук. Улуу жазуучулардын чыгармаларын окудук. Таанымал сүрөтчүлөрдүн эмгектерин түшүнгөнгө аракет кылдык. Руханий азык болгон музыканттардын музыкасын уктук. Театр сахналарынан таасирдүү артист, актер, актрисаларыбыздын ролдорун тамаша кылдык.

Булардын баары биз толук байкабасак да рухубузга азык болуп, оң энергияга жүрөгүбүздү толтуруп турат. Ошого карабай ар бирибиз жарык чачкан чоң прожектор болгондун ордуна жалкоолонуп өзүмчүлдүктүн тузагына түшүп отурабыз. Өзүбүздө мына ушундай кемчилдиктер болуп турса да карапайым элибиздин абалын кемсинтип сындап отурабыз. Өзүбүздү айылдын элитасы дегенден да уялбайбыз.

Голландиялыктар белгилүү план менен аракет кылып отуруп бүгүнкү күндө гүл бакчаларынын көркүн чыгарган миңдеген гүлдүн сортун өстүрүп жетише алышты.

Швецариялыктар мол сүт берүүчү уйдун randодасын табышты.

Англиялыктар күлүк аттын randодасы менен мол сүт жана эт берүүчү койдун randодасын табууга жетишишти.

Чет элдиктер минтип гүлдүн, уйдун, койдун, аттын башкача сортун жана randодасын табуу менен айылдыктарынын кадырын, зоболосун көтөрүп отурушат. Айылдыктары үчүн да өзгөчө аракеттерге барышып, минтип айыл чарбасын жана мал чарбасын кирешелүү тармакка айландырып беришти. Аны уланткан айылдыктарынын продукцияларын башка өлкөлөргө сыймыктануу менен кымбат баада экспорттоп жатышат.

Ал эми биз болсо айылдыктарыбыз үчүн эмне кылдык? Айыл чарбада өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун, мал чарбада жаңы randomly пародадагы айбандарды табуунун ордуна айласыз, чарасыз айылдыктарыбыздын кемчиликтерин айтып ,уялбай сындап отурабыз.

Урматтуу айылдаштарым!

Баарыбыз мекенибизди, элибизди сүйөбүз. Келгиле, ар бирибиз жүрөгүбүздүн чындык үнүнө кулак төшөп угуп, анан сонун бир ойлонуп көрөлүчү. Эмне иштер менен алек болуп жатабыз? Элге кандай пайда келтире алуудабыз? Айланабыздагы элдин эмне муктаждыктары бар? Чындыгында калың эл сабатсыздык, билимсиздик сазында тар түшүнүктүн азабын тартып келет. Так мына ушул эл биздин эл, сиздердин эл. Демек, кымбаттуулар, элдин мындай акыбалда калышы бул менин күнөөм жана сиздердин күнөөңүздөр. ..

Айылдык карапайым калк деле элиталары сыяктуу жактырбай гана тосуп алышты. Айылдыктар жүздөгөн жылдардан бери басмырланып, алданып келгендиктери үчүн башкаларга болгон ишеничи калбай калган болчу. Өзгөчө шаардыктарга, чоң кызмат адамдарына. Айылга ким келсе да алгач күмөн ойлор менен жактырбай тосуп алышчу. Сырттан караганда момун-жөнөкөй көрүнгөнү менен, ички дүйнөлөрүн шаардыктарга карата жек көрүү жана кызгануу сезими бийлеп алган эле. Колдорунан келсе шаардыктарга алданбоого аракет кылып, керек болсо аларды алдап алуу алар үчүн ийгилик болчу.

Татево айылынын тургундары өздөрүнүн айылында чоңоюп шаардан, Москва университетинен билим алып, профессор, таанымал окумуштуу болгон Рачинскийдин айылга кайтып айыл мектебинде мугалим болот экен деген кабарын мурдараак эле угушкан болчу. Мындай кабар айылдыктарды да аң-таң калтырган.

Айылдыктар араларында: "Айылыбыздын бул акылдуу баласы бизге дагы эмне деген куу максат менен кайтып келди экен? Эмне деген жеке кызыкчылыгы бар болду экен?" деп дуу-дуу сөздөрдү айтып жатышты.

Рачинский айылына келди. Айланасына айылдаштарын топтоду. Анан калааны калтырып кыштакка келген максатын чын көңүлдөн түшүндүрүп берди. Ал айылдаштарына: "Мен силердин балдарыңарга билим бергени келдим. Менин андан башка силерден эч күткөнүм жок" деди. Анда айыл эли: "Кымбаттуу профессор! Биздин сизге билим үчүн төлөй турган ашыкча акчабыз жок. Биз баарыбыз кембагал адамдарбыз" деп жооп айтышты.

Рачинский болсо сыймыктануу менен башын элге тик көтөрүп: "Бирок мен сиздерден акы талап кылган жокмун. Мен сиздерге чын жүрөгүмдөн ак кызмат кылганы келдим" деди.

Андан ары айылдыктар адатынча араларында күбүр-шыбыр сүйлөшүп, ар түрдүү пикирлерин айтышты.

"Маселе эми түшүнүктүү болду. Бул жанагы Рачинскийдин баласы да. Айылыбызда мугалимдик кылат экен. Анын максаты - профессор башы менен айылдык окуучуларды окутуп Цардын көзүнө илинип медаль, сыйлык алып карьерасын чоңойтуу экен."

Айылдыктардын дейди кептерине кошулуп, айылдын башчысы да мындай деп эл менен оюн бөлүштү:

-Менин оюмча бул профессор шаар жашоосунан жадап, анан айылдын таза абасында мээсин эс алдырганы келген. Аңчылык, балык кармоо, айылдын таза тамагын табуу албетте шаарда мүмкүн эмес. Мындайлардын далайын көрбөдүмбү. Эми айылга келгенден кийин кесиби мугалим болгондон кийин жөн убакыт өткөрмөк беле. Окуучуларды да окутам деп жатат да. Мейли окутса окута берсин. Жаман болмок беле ...

Дагы бир айыл тургуну мындай деди: “Угушумча бул жаш профессор өтө көп окуптур. Ошон үчүн бир аз акылдан да адашыптыр...”

Ошентип чыныгы максаты эч ким тарабынан туура түшүнүлбөгөн, бирок идеясына катуу ишенген жаш окумуштуу Рачинский Татево айылында жашоосун баштады.

## СЫЙКЫРЧЫ

Рачинский айылдагы мектепте өзүнө таандык өзгөчө, заманбап метод менен жумушуна киришти. Айылдык карапайым эл да, алардын элитасы да эми эмне болоор экен деп профессордун чыныгы идеясынын чын-төгүнүн убакыт аркылуу далилдөөгө макул болушту.

Айыл мектебинин курулушу стандартка ылайык салынган болчу. Себеби Рачинскийдин атасы убагында бул мектептин курулушуна өз салымын аябай кошкон. Ал убакта Рачинскийдин атасына таандык токой бар эле. Канча дарак керек болсо аябай, ашыгы менен берген эле. Бүгүнкү күндө мектеп бактарбай кароосуз калган. Айланасы тазаланбай, таштандыга толгон.

Мектептин класстары да жетишээрлик таза эмес болчу. Рачинский катардагы кишидей ойлонуудан качат. Ал мектептеги биринчи эле күнү өзү олтурган мугалимдин столун жакшылап тазалап, үстүнө атайын жапкычтарды жаап, жагымдуу гүл салынган вазасын коюп сабагын баштады. Арка дубалга болсо жагымдуу, жарашыктуу жаратылыш сүрөтүн асты. Окуучулар олтурган парталар жана класс тазаланбаган абалда, таштанды бойдон калтырылды.

Рачинскийдин сабагында окуучулар биринчи эле мугалим олтурган столдун таза жана жарашыктуу экендигин байкашты.

Класста жаңы мугалими менен таанышышты. Окуучуларды кызыктырган ар түрдүү суроолор суралды.

Рачинский сөз айтты:

-Бул сабакта баарыбыз бири-бирибизди тааныйлы. Мен силердин ысымыңар менен да, талантыңар менен да жакындан тааныгым келет. Силер да менин кандай мугалим экендигимди таанығыла. Алдыда көптөгөн ийгиликтерге бирге, чогуу жетишебиз.

Биринчи сабагында окуучуларды шыктандырып, алдыга багыт көрсөтүп, тунук максаттарга карай жетеледи. Мугалиминин кулакка уккулуктуу жылуу-жумшак сөздөрү окуучуларга кыштан кийин келген жаздай жагымдуу болду. Ой өрүш ойгонуп, кыял чабыттары ачылып келечектери жөнүндө ойлонуу пайда болду. Өздөрүнө болгон ишенимдери жанданды.

Мугалим доскага келип окуучулар жакты карап, аларды өзүнө көңүл бурдуруп, колундагы заңдап калган муштумдай темирди полго карай эки-үч ирет таштады. Катуу корс материалдын полго түшүп чыгарган үнү да кулакка жагымсыз эле. Бул темирди окуучулардын колуна кармап көрүү үчүн берди. Окуучулар темирдин оор жана ыңгайсыздыгын сезишти.

Асыл окуучуларым!-деп сөзүн баштады. -Бул темирди адамдар билими менен жердин тереңинен казып чыгышат. Андан кийин аны ээритип, ар түрдүү формага келтирип жалтыратып, колдонуу үчүн бизге мык, балта, балка жана машина түрүндө сунушат. Буудайдан ун, ундан нан кылгандай эле. ..

Рачинский темир бөлүкчөсүн кайрадан столуна коюп окуучуларга кайрылып: “Кымбаттуу окуучулар! Эми бул жакка көңүл бургула!” деп темир тунукеден жасалган бир куш көрсөттү. Бул куштун буроосун бир канча жолу бурап туруп столдун үстүнө койду. Темир оюнчук чыйпылдаган үн чыгарып басып жөнөдү.

Окуучулар бирде-экиде мындайды көрүшкөн эмес эле. Каткырып күлүшүп таң калып жыргап жатышты. Чуркап келишип мугалимдин столун тегеректеп алышты. Окуучулар кызыгып темир кушту жакшылап карап алышкандан кийин баарын орундуктарына отургузуп тынчтандырды. Анан: "Мына, көрдүңөрбү, ушул силер кызыгып, таң калып караган куш мурда жанагы силер көрүп сезген, колдонууга даяр эмес темирдей эле. Бирок азыр бир куш сымал басып, сайрап да жатат. Силер буга эмне дейсиңер?" деп суроо узатты. Окуучулардын арасынан бир окуучу кыз колун көтөрүп жооп берди:

-Агай, сиз сыйкырчысыз.

Калган окуучулар күлүп калышты.

Рачинский олуттуу туруп окуучуларга кайрылды:

-Ооба, мен сыйкырчымын. Бирок мына бул темирден куш жасаган адам да сыйкырчы. Жер жүзүндө көптөгөн сыйкырчылар бар. Бул дүйнөдө ким өз кесибинде сыйкырчы болууну каалаcalled, анда ал сыйкырчы боло алат.

Кээ бир кесип ээлери темирди жер түбүнөн казып алат да аны тазалап, ээритип калыптарга куюп, формага келтирип жалгыз эле ушундай оюнчук эмес, биз күнүмдүк турмушта колдонгон буюмдардан тартып, биз айдаган машина, биз абада учкан учак, биз сууда чөкпөй сүзгөн кемеге чейин жасашат. Ал эми башка кесип ээлери болсо мына бул менин столумда силер көрүп турган гүлдүн түрдүү сортторун пайда кыла алышат.

Рачинский сөздөрүн дүйнөдөгү жаңы ачылыштар жөнүндө окуучулар түшүнө турган тилде улап жатты. Кумдан айнек, көмүрдөн боек жана атыр чыгарыларын айтып окуучуларды таң калтырды.

Мындай ачылыштарга жетүү үчүн окуучулардын тырышып окуп, лабораторияларда эксперименттер менен алек болушаарын түшүндүрдү. Кесип ээлери завод,

фабрикаларда тырышып күн-түн дебей эмгектенээрин айтты.

Окуучулар буга чейин укпаган мындай кызыктуу маалыматтарды алгачкы жолу угуп жатышты.

Ардактуу окуучулар!

Келгиле, эми сыртка чыгып таза абадан жутуп, өз ара сүйлөшүп, ой бөлүшүп, эс алып келгиле.

Ушинтип танаписке уруксат берди. Ал эми окуучулар болсо "агай дагы бир аз айтыңызчы, танаписке чыкпай эле коелучу" деп көнбөй жатышты.

"Анда эмесе келгиле чогуу чыгалы" деп Рачинский окуучулар менен кошо сыртка чыкты. Окуучулар танаписте да кызыктуу жомок айтып берүүнү талап кылып айланчыктап жатышты.

Мугалим окуучуларына адамдар колу менен баткактарды кантип куруткандары жөнүндө, суу жетпеген чөлдөргө канал курушуп чөлдү гүл бакчасына айландыргандары жөнүндө айтып берди. Анан бир аз ойлонуп туруп: "Эгерде жер жүзүндө жашаган бардык адамдар жалкоолонбой чын эле катуу иштешсе, мээнет кылышса, анда жер жүзү баарыбызга бейиштей болмок. Ким эмнени кааласа баарын таба алмак. Элдерибиз бактылуу өмүр сүрмөк" деди.

Анан бир саамга унчукпай туруп: "Кымбаттуу окуучулар! Силер класстагы менин столумду байкадыңарбы?" деди. Бир окуучу: "Ооба, сиздин столуңуз таза, жакшынакай, жарашыктуу болуп жасалып турат" деди.

-Асылдарым! Силер да отурган партаңарды, классыңарды таза кармасаңар болот. Эмне үчүн болбосун? ! Партаңарга, класстын дубалдарына жазбагыла. Мектебибиздин айланасына көз чаптырып көргүлө, таштандыга толгон абалда. Жана мен силерге адамдардын жасаган жакшы иштерин айтып бердим. Баарыңар кунт

коюп, кызыгуу менен уктуңар. Силер да жакшылыкты алгач өзүңөрдөн баштасаңар сонун болот. Алгач өзүңөрдү таза алып жүрүп, анан үйүңөрдү, мектебиңерди, классыңарды, башка чөйрөңөрдү таза кармоо менен башка көптөгөн жакшылык иштерге кадам таштасаңар болот.

Окуучулар "чын эле" дегенсип таң калышты жана анын ишке ашышына ынанышты. Мугалим сөздөрүн улады:

-Кымбаттуу окуучуларым! Менин столумдун үстүндөгү гүл баарыңарга жакты. Силер да ар бириңер гүл сыяктуусуңар. Керек болсо силер гүл өстүргөн багбан да боло аласыңар. Керек болсо "сыйкырчы" да боло аласыңар.

Силер чоңоёсуңар. Чоң киши болосуңар. Элдин керегине жарайсыңар. Элдин жашоосун оңдогон, жакшылыкта чуркаган кишилерден болосуңар. Ошондо элдин жашоосу оңолуп, жакшы заман болот. Силер кааласаңар өлкөнүн абалын жакшы жакка өзгөртө аласыңар.

Окуучулардын арасынан бирөө мугалимдин үмүт берип, шыктандырган бул сөздөрүн угуп отуруп классташтарына мындай деп сунуш киргизди:

-Андай болсо келгиле достор, кечикпестен өзгөрүүнү мектебибиздин айланасын тазалоодон баштайлы.

Калган окуучулар сунушту кубаттап макул болушту.

Жакшылык иштин нугу ушундай кетишин мурдатан билген Рачинский бир күн мурдатан окуучуларга жете турган шыпыргы, күрөк, тырмоок жана башка керектүү шаймандарды даярдап койгон болчу.

Окуучулар түшкө чейин чын көңүлдөн иштешип мектептин айланасын, анан класстарын таптаза кылып тазалашты.

Окуучулардын бирөө: “Агай бүгүн бизге сабак болбоду” деди.

-Бүгүн тазалык сабагы болду. Эртеңден баштап баарыңар таза болуп келип, таза мектепте, таза класстарда сабак окуйсуңар. Бүгүн үйүңөргө баргыла. Үйүңөрдүн тазалыгын да жакшылап жасагыла. Бирок ата-энеңердин көңүлүн да жаңылыштык жасап оорутуп албагыла. Мына ушундай жол менен ар бириңер тазалык жагынан сыйкырчы болдуңар. Силер мындан кийин менин жардамчыларым болосуңар. Силер менен биргеликте бул айылыбызда, элибизде, анан өлкөбүздө жапжаңы бир жашоо образын жашатабыз. Каалайсыңарбы? ..

Окуучулар бул сунушту кубануу менен угуп, баары бир ооздон: “Каалайбыз! Каалайбыз! Каалайбыз!” деп жооп беришти.

## ШАЙТАН ШИШЕДЕ

Рачинский бул айылда айлап, жылдап талыкпай эмгектенди. Ар бир ой-максатын ишке ашырууда дароо эле көздөгөн максатына жете албады. Себеби алдыга коюлган максат тоодой чоң болуусу менен бирге, жеңип чыгуусу керек болгон тоскоолдуктар да ошончолук чоң жана татаал эле. Учуру келгенде аябай кайгылуу күндөрдү да баштан кечирди. Болбогон куру дооматтарга дуушар болду. Кээде айылдын аксакалдары, кээде окуучулары үмүтсүздүккө түртпөй койгон жок.

Кээ бир каталар көптөгөн жылдардан бери караңгылыкта жашап көнүп калган бул айылдын элинин кадимкидей мүнөзүнө айланып калган эле. Карап турсаң бул элдин көпчүлүгү төрөлүшүнөн эле оорулуу деп ойлоп кетесиң .

Арактын суудай түгөтүлгөнүн көрүп туруп аябай кайгырчу. Бул жакта арак ичүүдө аялдар да эркектерден калышпайт. Өздөрү аз келгенсип, жаш балдарын да мас кылышчу. Айылда шылкылдап мас болуу улуттун салтына айланып калгандай эле.

Мисалы, бир үйгө конок келсе, коногун эс-учун жоготуп мас болгонго чейин арак куйбаса уят болчу.

Бардык майрам күндөрүн араксыз өткөрүү, салтанаттарда араксыз куттуктоо мүмкүн эмес. Жада калса ыйык диний майрамдар да арак менен коштолуп, мас адамдар көчөлөргө батпай калчу. Андай күндөрдө

“майрамдап жатабыз” дешип мас болгонго чейин ичишип, аягында айбан сымал жер сүзүп, ылайга оонашып жана ызы-чуу чыгарып бири-бири менен мушташышчу.

Математика илими боюнча профессор Рачинский илимге салып алкоголго кул болгон элдин канчалаган зыян тартып жатканын эсептей баштады. Бирок зыяндын келечектеги ордун көрүп кадыресе чочуду. Ал элестетүүдөн улам келген коркуу аны аябай кыйнады.

Кээде “көз көрүп турган бул дүйнөдө ушундай болмок беле” деп кайгырып, кайра өзүн “жок, мен түш көрүп жатамын, бул чын болушу мүмкүн эмес” деп жоошутчу, ишендирчү.

Терең ойго батып кыйналчу жана мындай деп кайгырчу: “Инсандардын бул абалы - акылсыздыктын, тентектиктин белгиси. Нормалдуу дүйнөдө “бир жерден кокустан өрт чыгып кетпесин” дешип, өрттүн алдын алуу үчүн өрт өчүргүч курамы менен бир канча техникасын даяр күттүрүшөт. “Уурулук, кылмыш болуп кетпесин” дешип, алдын алуу иштери үчүн дайыма укук коргоо кызматкерлери күнү-түнү кызматта болушат. Жадакалса адамдарга зыян берүүчү жаныбарларга каршы да уюмдар бар. Кайсыдыр жерде айылдын жандыктарына жырткычтар кол салышыптыр дешсе, адамдар куралдарын алышып аларга каршы ууга чыгышат.

Бирок, тилекке каршы алкоголдун зыяны үчүн, адамзаттын ден соолугу жана жашоо бейпилди үчүн рухун ууландырган арактын кесепетине каршы күрөшкөн эч кандай кыймыл көрүүгө болбой жатат.”

Профессор арактын кесепетинен элдин тартып жаткан зыяндарын ар тараптан изилдеп, эсебин чыгарууну улантып жатты. Бул максатта түрдүү медициналык китептерди окуду. Натыйжада эл уттуруп жатканын,

азыркы учурда болуп жаткан көптөгөн оорулардын себептерин билди.

"Мас болгон киши аң сезимден ажырайт. Эртеси баш оорусунан азап тартат. Себеби ичкен арагы анын канын ууландырат. Мастык кишиде көзгө ашыкча нерселердин көрүнүшүн (галлюцинация) пайда кылат. Алкоголь кишинин боорунда, бөйрөгүндө, өпкөсүндө көптөгөн ооруларга жол ачат."

Андан ары Рачинский кылмыш жана жаза кодекстерин окуп чыкты. Бул тармактагы элдин оюна келбеген алкоголдун натыйжасында келип чыккан башка заяндарды да билди.

"Бир коомдогу болгон кылмыштын санынын жарымынан көбү алкоголдун натыйжасында ортого чыгууда. Ачуу чындык мына ушундай. Көптөгөн алкаштар арак ичүүгө каражат табуу үчүн уурулукка барышып жана башка кылмыштуулуктар иштелүүдө. Ысырап гүлдөп өсүүдө. Адамдын мүнөзү, адеп-ахлакы бузулуп, коомдо көптөгөн терс көрүнүштөр орун алууда."

Рачинский: "Мындай абал албетте жөнөкөй көрүнүш" дечү. Алкоголь адамдын мээ жана нерв клеткаларын, жүрөгүн ууландырып өлтүрүүдө. Алкоголь колдонгон бир да адамдын туура жана акылдууча ойлонуусу мүмкүн эмес.

Чындыгында адамдар ансыз деле жетишээрлик деңгээлде ден соолуктуу, таза жана туура жашоо жөнүндө ойлонуп да койбой, аракет да кылышчу эмес. Буга шишедеги шайтандын азгырыгын да эске алганда адамдар биротоло акылынан азып жатып калышчу. Мас болуп , дене бойлору элжиреп тең салмактуулугун, кубатын жоготкондо, эркин кошо жоготуп, өздөрүн арактын кучагына таштап берчү .

Билесиздер , спирттин ичине бир ууч жалын түштүбү , болду – дароо алоо алат. Ошондой эле алкоголго ууланган

мээнин, жүрөктүн ичинде да жамандыктын, кылмыштын алоосун тутантуу ушундай эле оңой болот.

Бирок алкоголдун инсандарга берген зыяны ушулар эле эмес. Шайтан дагы деле шишенин ичинде күтүп жатат. Алкоголго көз каранды болгондордун колунда болгон бардык мал-мүлкүн, ар намысын алууга даяр турат. Ал таш боор. Керек болсо үстүндөгү көйнөгүн чечип алып, колундагы балама деген ырыскыны да колунан алып коёт. Анан да шишедеги шайтан өзүнө кул болгон адамдардын үй-бүлөлөрүнүн ден соолугун бузуп, намысы менен жан дүйнөсүн талкалап, кубанычы менен бактысын жер менен жексен кылат. Адамдардын эркин алсыратып, күчсүз, жалкоо бир устунга айландырат. Ар түрдүү кирешеден куру калтырат. Жана арак өндүрүү үчүн жумшалган акылдын, билимдин, каражаттын, эмгектин, убакыттын, өмүрдүн канчалык текке кеткенин да бир ойлоноолу.

Эгерде бош убактыңыз бар болсо, ушунча түрдүү арактын даярдалышы үчүн канчалаган тамак-аштын, суусундуктун жана эмгектин жөн гана ысырап кылынганын сандар менен эсептеп көрсөңүз болот. Жөнөкөй эсеп менен болжогондо алкоголдук ичимдиктерди өндүрүү үчүн миллиарддаган килограмм буудай, сулу, картошка, арпа, жүзүм, өрүк жана башка жемиштер сарпталганын көрөсүз. Эгерде адамдардын алкоголь баткагына чачып ысырап кылган миллиарддаган килограмм нан, өрүк, анжир жана жүзүм баары бир жерге жыйналганда жер жүзүндө эч качан ачкачылык, жокчулук, же болбосо кымбатчылык болбойт эле. Адамдарды ары коёлу, керек болсо жандыктарыбызды да тойгозо турган ар түрдүү жемишибиз болот эле.

Алкоголдук ичимдиктерди өндүрүү үчүн дүйнөдө миңдеген завод-фабрикалар бар. Ал жерлерде жүз миңдеген адамдар иштешет. Бул жумушчулар адамдардын муктаждыгы болгон миллиондогон тонна продукцияны

бир жактан ууга айландырууда. Экинчи жактан болсо "эмне үчүн дүйнөдө ачкачылык, жокчулук бар? Эмне үчүн буудайдын, жүгөрүнүн, картошканын, күрүчтүн баалары кымбат? Барган сайын баалар көтөрүлүп жатат? Эмне үчүн адамдар ачкалыктан өлүп жатышат?" дешип арызданышып, жашоого наараазы болушат.

Алкоголдук ичимдиктерди өндүргөн мынча завод-фабрика жетпегенсип, көптөгөн өлкөлөрдө адамдар бул шайтан казанын өздөрү да кайнатышат. Арак-шараптарын өздөрү даярдашат. Эгерде бийликтегилер тыюу сала турган болушса дароо ызы-чуу чыгарышып митингдерге чыгышат. Алтернативдүү нерселерди издеп табышат: клей жытташат, паста пайдаланышат ж. б.

Мамлекеттин күчү шишедеги шайтандын күчү сыяктуу күчтүү эмес. Себеби бул күч бузукулук жагынан күчтүү жана өтө зыян берүүчү. Шишедеги шайтандын ротасы дүйнөдөгү эң саны көп рота. Бул рота жакшылыкка каршы ар дайым согуш абалында. Бул ротанын ар бир аскери согуш майданында артка чегинүү дегенди ойлонбойт.

Шишедеги шайтандын бюджети канча экендиги белгисиз. Себеби шайтанга аскер болгондор ичимдиктин салыгын кыйшаюусуз төлөшөт. Ошол эле учурда ал адамдар бирөөгө карызы болсо аны кайтарышпайт. Шайтан өзүнүн аласасын убагында, так, толугу менен төлөтүп алат. Эгерде бул адамдарда төлөй турган акчалары жок болсо, бир айласын таап, же уурулук кылып, же адам өлтүрүп болсо да, же өздөрүнүн же үй-бүлөсүнүн намысын сатып болсо да шайтандын салыгын сөзсүз төлөшөт.

Профессор Рачинский бул ачуу чындыктарды ойлонгон сайын кан басымы жогорулап, ачуусу келет. Маанайы чөгөт. Ойлору онго бөлүнүп мына мындай дейт:

"Миңдеген жылдардан бери дүйнөнүн ар жеринде бейкүнөө коомчулук, мындайдан чыга албай ар намысын,

адеп-ахлагын жоготуп кыйналып келүүдө. Бул абалга көңүл бурган эч ким жок. Бул маселени көйгөй катары караган эч ким жок. Эч нерсе болбогондой жашоо уланып келүүдө. Бирок өлкөдө жугуштуу бир оору - холера, кызамык оорусу, же безгек оорусу пайда болсо дүрбөлөң башталат. Пландалган дезинфекция башталат. Дарылоо жүрөт. Оорунун пайда болгон жерлерине дарыгерлер жөнөтүлөт. Элге ооруну алдын алуу жана айыгуу боюнча маалыматтар таратылат. Алдын алуу боюнча дарылоо иштери катуу жүрөт. Бирок бардык адамзаттын келечегин коркунучка такаган алкоголдук ичимдиктер боюнча эч кандай чаралар көрүлбөй келет".

Дайыма тынчын алып кыйнаган ойлор мына булар болоор эле: "Алкоголдук ичимдиктердин элиме зыяны көп тийди. Бир убактарда күнү-түнү алкоголдук ичимдик ичкен бийликтеги биздин ичкич чоңдор бар болчу. Ар дайым мас абалында оозу арак жыттанган илимпоздорубуз, акын-жазуучу, адабиятчыларыбыз, музыкант жана сүрөтчүлөрүбүз бар болчу. Алкоголдун айынан өлкөбүздө миңдеген элдин каймагы - элитабыз жашоосунда кадимкидей жанчылды. Бул элита өз жашоосундагы ээ болгон мыкты баалуулуктарынан алкоголдун айынан ажырады. Алдыга кете албады. Ээ болгон илим-билимдерин кийинки муунга өткөрүп бере алышпады. Алкоголдук ичимдиктер миңдеген чоң адамдарыбыздын ден соолугуна зыян берди. Эми болсо жаңы урпактарыбыз алсыз, талантсыз, ден соолуксуз абалда дүйнөгө келип жатат. Элибиз ар жылы миллиондогон тонна ичкилик ичип жатышат. Чын эле байлыкка ээ жерлерибиздин үстүндө жашаган элибиз азыркы учурда жарды тилемчинин кейпин кийген абалда жашап жатат. Эл ушинтип алгач өздөрүн, анан өлкөсүн кедейликке кептеп жатышат."

Татаал математикалык теңдеме сыяктуу чечимин табуу кыйын болгон көйгөйлөр дайыма башын оорутуп кыйнап, кейите берчү: "Баткак жерге чоң-чоң, бийик-бийик имараттарды курууга мүмкүн эмес. Ошондой эле алкоголдук ичимдиктерге көз каранды болуп калган ичкич элдин да келечек муунга өткөрүп бере турган бийик идеялары, идеологиялары болушу мүмкүн эмес."

"Ийгилик, жакшылык жолуна түшө турган жолду издесек, алгач бардык улутту бул оорудан куткарып, өзүнө келтирүүдөн башташыбыз керек. Алкоголдук көз карандылыкка көнүп алган карыларыбызды, улууларыбызды балким бул жолдон куткара албашыбыз мүмкүн. Алар көп жылдар бою өздөрүн ууландырышты. Шишедеги шайтан менен күрөшүүгө, кармашууга эрктери жетпеши мүмкүн. Бирок кандай болгон күндө да жаштарды жана жаш балдарды бул балээнин торуна түшүүдөн куткарышыбыз керек."

Андан кийин гана ден соолуктуу жашоонун жерпайын куруу мүмкүн болот. Мына ошондо гана күчтүү, акылы тетик, дилгир, зээндүү бир муун тарбиялай алабыз."

Мына ошентип Рачинский ушундай таза, тунук түшүнүктөрү менен кыймылдап эски жана жаңы окуучуларынын арасында жакшылык кыймылын пайда кылуу менен зээндүү, акылдуу, ойлоп тапкыч окуучуларына, жаңы муунга окутуучулук жана жол баштоочулук кыла алды.

## ӨЗҮНЧӨ ПАЙДА БОЛГОН АЛМАЗДАР

Ортодон он жылдан ашык убакыт өттү. Профессор Рачинский эки жолу бүтүрүүчүлөрдү мектеп уясынан учурду. Бул убакыт ичинде айылдагы пайда болгон кээ бир тоскоолдуктарга карабай, ар түрдүү татаал маселелердин чечүү жолдорун, ыңгайлуу методдорун издеп таап тынбай мээнет кылды, маңдай терин төктү. Билим берүүгө душман болгон түркөйлөрдүн тоскоолдуктарына чыдап, сабырдуулук менен алдыга умтулду.

Акырында мээнетинин үзүрүн көрдү. Мөмөсүнүн даамын татты. Рачинский азыр кыялынын ишке ашканын көрүп кубанычы койнуна батпай сүйүнүп, бактылуу болуп турган учуру.

Өзү өстүргөн окуучуларынын таланты ачылып, таанылып жатканын көргөн сайын төбөсү көккө жеткендей сүйүнүп, өткөн күндөрдөгү бардык кыйынчылыктарды, көрө албастыктарды унутуп деле калды.

Окуучулар алгач мектеп босогосун аттаганда, алаңдаган коён сыяктуу коркок, тартынчаак болуп, оюн толук айта албаган сөзгө чоркок болушаар эле. Бирок Рачинский алар менен алты айлап, бир жылдап иштеп акырындап окуучулардын талантын ачып, тарбия калыбына салып өздөрүнө келтирчү эле. Андан кийин гана зээндери ойгонуп, сөздөрү так болуп тарбиялуу, тил алчаак окуучулар мектептин көркүн ачып калаар эле.

Рачинский бул айылдык окуучуларды караган сайын: "Мына, жандуу алмаздар, кымбат баалуу байлыктар!" деп алар менен мактанчу.

"Бул алмаздар, мектепке ылайга түшкөн абалда келишет. Мугалимдердин иши алмазды ылайдан тазалап, бөлүп алуу болуп эсептелет. Бул окуучулардын ар биринде башкача талант, башкача нарк катылган."

Чындыгында профессор Рачинский алек болгон окуучуларынын арасында өзгөчө талантка, өзгөчө жөндөмгө ээ акылдуу, зээндүү окуучулардын бар экенин даана билчү. Чындыгынды калктын арасында акылман адамдардын, нарктуу адамдардын жашыруун экендигин көпчүлүк баамдап биле беришпейт.

Рачинский айылдагы мугалимдик алгачкы жылдарында зээндүүлүгү менен таң калтырган үч эркек жана эки кызга туш келип, аларды жакындан баамдап билип жүргөн. Алардын бирөө Белая айылынан келген Богданов аттуу окуучу болчу. Бул окуучу класстан тышкаркы учурларда хобби катары классташтарынын сүрөттөрүн тарта берчү. Анын тарткан сүрөттөрү сүрөт академиясын бүтүргөн чебер адистин сүрөтү сыяктуу мыкты болчу. Окуучунун мындай абалы Рачинскийдин көз жаздымында калган жок.

Жөндөмү күчтүү окуучулардын экинчиси Заболотный айылынан келген дагы бир окшош фамилияга ээ Богданов деген окуучу эле.

Ал окуучунун да химия сабагындагы өзгөчө кызыгуусу байкалды. Бул окшош фамилияга ээ эки окуучуну бир биринен айырмалоо үчүн биринчисин Богданов-Бельский, ал эми экинчисин Богданов-Зоболотный деп коюшчу.

Богданов-Бельский мектепти бүтүрүп Ленинграддагы Искусство факультетинен билим алды. Университетти артыкчылык диплом менен аяктады. Андан кийин

мамлекеттин колдоосу менен Италиядан билимин улантуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Кийин Богданов-Бельский Орусиянын таанымал сүрөтчүлөрүнүн бири болду. Бул сүрөтчүнүн сүрөттөрү Ленинград жана Москва сүрөт музейлерине тандалып коюлду. Башка сүрөттөрү болсо бир канча жолу көбөйтүлүп басылды.

Таанымал сүрөтчү бир канча эмгектеринде өзүнүн сүйүктүү мугалими Рачинскийди айылдагы мектебинде окуучулары менен эмгектенип жаткан учурларын чагылдырган. (Китепке бул сүрөтчүнүн сүрөттөрүн интернеттен таап бир канчасын жайгаштырдык)

Рачинскийдин мектебинде ар күн танапис учурларында окуучуларга түрдүү оюндар уюштурулчу. Бирок бул оюндар жалаң футбол сыяктуу спорттук оюндар эмес эле. Ошондой эле мээ гимнастикасы болгон логикалык оюндар да уюштурулчу. Көпчүлүк учурларда профессор танаписте окуучулардын курчоосунда алардан математикалык маселелерди да сурачу.

Маселени окуучуларга сунгандан кийин: “Кана, эми киминер биринчи болуп жообун табат болдуңар экен?” деп тез чыгарууга машыктырчу. Эгерде маселенин бир канча чыгаруу жолу болсо, анда бардык жолдорун окуучулары менен талкуулап, эң кыска чыгаруу жолуна токтолушчу.

Профессор Рачинский окуучуларына тарбиялык маанидеги аңгемелерди жана мисалдарды да көп айтып берер эле: “Кээ бир адамдар азга канаат кылышат. Ал эми таланттуу адамдар көп кырдуу ойлонушат жана көп мээнет кылышат. Натыйжада көп кирешеге ээ болушат.

Албетте бул жаатта да мээ жана акыл гимнастикасы сөзсүз болушу керек. Мисалы, адамдын дене булчуңдарын күчтөндүрүү үчүн көптөгөн көнүгүүлөр жана машыгуулар жасалат. Ошондой эле адамдын акылын, жүрөгүн, рухун

жана сезимдерин ойготуп өнүктүрүүчү көнүгүүлөр жана машыгуулар эмнеге болбосун?”

Рачинский мектеп программасына балдарды рухий жактан өнүктүрүү көнүгүүлөрүн да киргизген. Көбүнчө окуучуларына мындай дечү:

-Кимдир бирөө сага тарбиясыздык кылып кол көтөрсө, ага жооп кылам деп сен да ага анын туура эмес жолу менен жооп бербе. Сабырдуу болуп, өзүңдү токтото бил. Ар дайым ички сезимдериңди башкарууну адатка айландыр. Кандайдыр бир куру дооматка да дуушар болсоң өзүңдү туура таанып, бекем карман. Токтоо бол...

Ат жарыштарын билесиң. Жарышта биринчиликке жетүү үчүн уста чабарман болуу керек. Таанымал уста чабармандар көп убакыт машыгуу менен чапкан аттарынын сырын билишет. Силер да өзүңөрдү таанып билип сезимдериңерди башкаруунун методдорун үйрөнгүлө. Жүрөгүңөрдүн, каалоолоруңардын, сезимдериңердин жана эркиңердин тизгинин эч качан колдон чыгарбагыла.

**Өзүңөргө зыян алып келүүчү адаттардан алыс болгула. Себеби адамда жаман адат бир жолу болсо да тамыр жайып алса, ал адам ал адаттын кулу болуп калат. Силер эч бир жаман адаттын кулу болбогула.**

Эгерде кээде жалкоолук мойнуңарга минип алса же кандайдыр бир зыян берүүчү оюн азгырып, кызыктырып кыйнаса, анда сезимдериңерди башкара билип, эрктүү, күчтүү болгула. Жеңилбегиле. Жашооңорго пайдалуу аракеттер менен алек болгула. Эгерде бир жаман иш жасаган болсоңор анда аны моюнуңарга алууну билгиле. Ошондо гана аны оңдоп кетүү мүмкүн болот. Турмушта чоң ката кетирбөө үчүн азыртан дурус болгула жана эрктүүлүк менен оң жолдо жашагыла.

Профессор Рачинскийдин рух тарбиясы жөнүндөгү да баалуу пикирлери бар эле:

-Аскерлердин эр жүрөктүгүн баарыбыз баалайбыз. Ошондой эле өзүнүн баалуулуктары үчүн күрөшкөн адамдарды да эр жүрөк дешет. Бирок эр жүрөктүк бир гана ушулар эмес. Адам жашоосунда ар дайым, ар бир мүнөттө адеп-ахлактуу болуу күрөшү бар. Бул күрөш да өзүнчө бир эр жүрөктүүлүк. Уят-сыйыттуу болуу да эр жүрөктүүлүк. Жашоодо тайманбаган күчтүү, эрктүү адам болушуңар керек. Ал үчүн да ар дайым адеп-ахлактуу, намысы, ары бар адам болушуңар керек.

Мисалы, силер бардыгыңар айылдык балдарсыңар. Көпчүлүгүңөрдүн ата-энелериңер жогорку билимдүү эмес, ал тургай билимсиз адамдар. Ал эми силер болсо айылдын эң жакшы мектебинен билим алып жатасыңар. Мектепти бүтүрүп буюрса баарыңар жогорку билим алуу үчүн чоң-чоң шаарларга аттанасыңар. Жөндөмүңөргө жараша турмушта чоң-чоң кызматтарды аркалайсыңар. Мына ошондо эч качан ким экениңерди, кандай шартта чоңойгонуңарды, бир гана элге кызмат кылуу керек экендигин унутпагыла. Кээ бир текебер чоңдор сыяктуу тегиңерди, ата-энеңердин ким экендигин жашырып, унутуп катага түшпөгүлө. Дурус жана чынчыл, адилеттүү болгула.

Анан да кээде адеп-ахлактуу инсандар турмушта адепсиздердин арасына өздөрү каалабаган абалда аралашып калат. Кээ бирлери алсыздык кылып көпчүлүк адепсиздердин терс таасирине курчалат. Өзүнүн адебинен уялат. Адепсиздердин маскарасына жеңилип, алар сыяктуу болуп өзгөрөт. Мындай болуу туура эмес. Бул адамдын рухунун күчсүздүгүн, эркинин алсыздыгын көрсөтөт.

Силер күчтүү жана дурус болгула. Темирчилер темирди дагы катуу болсун деп алгач чокко салып ысытып, анан балка менен жанчып кайра сууга салышат. Силер да ар дайым эрктүү болууга тырышкыла. Анын үстүндө талыкпай машыккыла. Эрк жана адеп-

ахлагыңардын тизгинин эч качан бош коё бербегиле. Өзүңөрдү жөнөкөй иштерге арнабагыла. Дайыма кыйын иштердин каарманы болгула.

Рачинскийдин мектепте окуучуларга үйрөткөн рух тарбиясы сабактарынын жанында окуучулардын зээндүүлүгүн өстүргөн татаал маселелердин чечимин түрдүү жана кыска жолдор менен табууга машыктыруу сабактары эле. Бул сабактар окуучулардын жүрөктөрүнүн түпкүрүнөн орун алып унутулгус кызыктуу күндөр катары ар дайым эстеринде калды. Мындай эскерүүлөрдү кийин да таанымал сүрөтчү Богданов-Бельский өзүнүн көптөгөн эмгектеринде, сүрөттөрүндө чагылдырды.

## ТААНЫМАЛ ХИМИК ЗОБОЛОТНЫЙ

Профессор Рачинскийдин дагы бир таланттуу окуучусу Богданов-Зоболотный болчу. Бул окуучу кийин Заболотный деп таанылды. Мектепти бүтүргөндөн кийин айылда атасына каралашып жүрүп калды. Төрт жыл дагы Рачинскийдин тарбиясында, көзөмөлүндө болду. Андан кийин Москвага, жогорку окуу жайга билим алганы кетти. Жогорку окуу жайга өтө жогорку балл менен өттү. Анын айылдык бир мектептен келип өтө жогорку баа алышы элдин баарын таң калтырды.

Смоленскстин чоңдору бул айылдык 15 жаштагы окуучу менен сыймыктанып жүрүштү. Райондун жетекчилери Зоболотныйга жогорку билим алышы үчүн мамлекет тарабынан колдорунан келген бардык шарттарды жасашты. Зоболотный 19 жашында университетти ийгиликтүү бүтүрдү. Андан кийин билимин улантуу үчүн мамлекеттик стипендиянын негизинде Парижге барып окууга укук алды. Ал Пастеурда престиждүү медициналык окуу жайдын ийгиликтүү студенти болду. Үч жыл окугандан кийин бактериолог адисине ээ болду. Андан кийин Пастеурдун сунушу менен холеранын жайылган жери Индияга илимий изилдөө иштери боюнча кызматка кетти.

Бардык гезиттер “акылынан адашкан” Рачинскийдин 23 жаштагы бактеролог окуучусунун дүйнөдөгү жасаган

ийгиликтерин жаза башташты. Гезит беттерин толтурган мындай жаңылыктарды окуган Рачинскийдин эски кесиптештери "акылынан адашкан" профессордун жасаган иштери өлкө үчүн өтө маанилүү жана аткарылышы керек болгон негизги жоопкерчилик экенин түшүнүшүп, профессорго кеч болсо да туура бааларын берип жатышты.

Өз ара мындай деген сөздөр болуп жатты: "Биз чындыгында Рачинскийге "акылынан адашкан" деп эрте баа берип алыппыз. Ал бул кылган кызматы менен бизди уялтты. Карабайсыңарбы? Айылдык окуучулардын арасынан өзү айткандай эле өтө күчтүү таланттарды таап өстүрдү."

Профессор Рачинскийдин билим берүүдө коомго алып келген пайдасы жалгыз эле ушул эки окуучу эмес. Рачинский ар жылы өзүнүн айылынан жана ага жакын айылдардан келген окуучулардан түрдүү талантка ээ окуучуларды аныктап, алардын үстүндө катуу иш алып барып жүрдү. Рачинскийдин он жылдык айыл мектебиндеги мугалимдик жылдар убагында мектепти бүтүргөн окуучулары Москва жана Петроград университеттеринде "Татеволуктар" деген ат менен таанылып калган. Студенттер бул айылдан келген жаштар менен таанышууну жана дос болууну сыймык катары көрүшчү. Татеволуктар арасынан көптөгөн инженерлер, дарыгерлер жана окумуштуулар чыкты. Алардын көбү Жогорку Экономика Академиясын ийгиликтүү аякташты. Эки кыз окуучу консерваториядан билим алды. Алардын бирөө Москва операсында, экинчиси Петроград операсында таанымал артисттерден болушту.

Карапайым үй-бүлөнүн баласы болгон дагы бир окуучу болсо мектепти аяктагандан кийин эки университетти бир учурда окуп бүтүрүп, кийин экономика жана политика илимдери боюнча илим жактап, профессор

болду. Жумасына үч күн Москва университетинде лекция окуса, үч күн Петроград университетинде лекция окуп жүрдү. Бул окумуштуу өлкөнүн технологиялык өсүшү жана өндүрүштү өнүктүрүү жаатында гезит-журналдарга көптөгөн макалаларын жарыялады. 1905-жылдагы өлкөдөгү төңкөрүштөн кийин мамлекеттик кызматка келип, министрликтердин биреөндө иштеп калды. Финансы министрлигине да көрсөтүлүп жүрдү.

Бирок тилекке каршы, ар бир доордо болуп келгендей эле карапайым үй-бүлөнүн баласынын министрлик кызматка келишине саясий бут тосуулар жол бербеди.

## ДИН КЫЗМАТКЕРИ

Профессор Рачинскийдин айылдагы мектебинде Александр Васильев аттуу дагы бир өзгөчө окуучусу бар болчу. Рачинский аны өзгөчө жактырчу. Мектепте окуп жүргөндө дайыма адептүү жана ар бир ишти ойлонуп жасаган токтоо, диндар окуучу эле. Ал келечекте дин кызматкери болууга кызыкчу жана чын эле дин адамы болууга татыктуу болгон.

Саша болсо Рачинскийдин теология факультетинде окуп жаткан окуучуларынан үчүнчүсү болду.

Александр Васильев да теология мектебин бүтүргөндөн кийин айылына кайтып келип кызмат кылууну чечти. Бирок анын бүтүрүү экзаменине катышкан дин илими боюнча күчтүү адис, аалым жана жогорку дин кызматкери айылдык студенттин илимине таң калып, ага кызыгып айылга кайтуу эмес, андан ары илимин өркүндөтүү үчүн теология факультетине жолдомо берди. Бул окуучудагы жөндөмдү туура таап, туура багыт берген мугалимин сурап ыраазы болду. “Сен да мугалимиң сыяктуу билимиңди өстүр, токтол, көрөгөч, иш билги болосуң. Андан кийин көңүлүң каякка тартса, ошол жакка барып элге кызмат кыласың”-деди.

“Мен айылыма кайтып мугалимим сыяктуу элиме, жаңы өсүп келе жаткан муунга кызмат кылгым келет” деди Василиев.

Жогорку дин кызматкери:

-Макул, айылыңа бар. Бирок илимиңди өз убагында толук алып ал. Билесиң, чала молдо элди динден чыгарат. Дин илими - өтө назик илим. Ошондуктан мен сени улуу катары теология факультетине барып окууңду талап кылам. Сендей жаштар бизде аз. Максатым - толук кандуу билимге ээ болушуңду каалаймын. Ошон үчүн сени теология факультетине жөнөтүп жатам,-деди.

Ошентип Васильев Петрограддагы теология факультетинде окуп калды. Ал биринчи курста окуп жүргөндө эле элди аралап түрдүү тармактагы коомчулук менен жолугуп диний жаатта семинар, конференцияларды өтүп жүрдү.

Васильевдин диний түшүндүрүүлөрү өтө жөнөкөй, эл түшүнө турган тилде айтылчу. Жашоодон алынган жандуу мисалдар менен элди кызыктырып, ынандырчу. Өзү да өтө жөнөкөй. Айткандарынын баарын алгач өзү жашоосунда баштан кечирип көрчү. Жашап көрбөгөн практикасын айтчу эмес. Китептен окуганынын баарын эле айтууну туура көрбөйт эле. Ошон үчүн болсо керек Василиевдин айткандары элге таасирдүү, жугумдуу болуп, элди ойлондуруп, өздөрүн туура багытта оңдой баштагандар көбөйдү.

Петрограддын тургундары Васильевди өздөрү жашаган райондорго кезек уюштуруп ар жекшемби күндөрү чакыра башташты. Элдин кызыгуусу артып Василиев көпчүлүк жекшемби күндөрү эки-үч, төрт жерге барууга мажбур болуп жатты.

Васильев факультетти акыркы курска келгенде таштады. Себебин ал мындайча түшүндүрдү: "Факультет жетишерлик деңгээлде билим бере албады. Үч жылдык убактым элге берген конференциялар болбосо, текке кетти демекмин. Менин максатым жөн гана дипломго ээ болуу эмес."

Васильев дагы болсо айылына кайтуу аракетин көрдү. Бирок аны таанып-билип калган Петрограддын эли бул жакта калып шаар элине семинар, конференцияларын улантууну сураныштты. Элге тийип жаткан пайдасын жана элдин туура жакка өзгөрүп жатканын түшүндүрүшүп, башталган иштин жарым калып калбашын айтышты.

Акырында Васильев Петрограддын четиндеги кичине бир айылга жайгашып, ал жерде дин кызматкери болууну кабыл кылды.

Татеволук дин адамынын семинарларына фабрика ээлери, чоң-чоң ишкерлер жана инженерлер да катыша башташты. Ошондой эле бийликтеги кээ бир бюрократтар, аристократтар да катыша башташты.

Алар семинарларга катышып чыккандан кийин: "Сиздин семинарга катышканыбызда тоонун таза абасынан дем алгандай болобуз" дешчү.

Василиев семинарларынын биреөндө өзүн толкундоо менен угуп жаткан катышуучуларга мындай деди:

-Бул бүтпөй тургандай сезилген турмуштун ташпиштеринин арасында, ээ болушубуз керек болгон чыныгы түшүнүктөрдү жоготуп баратабыз. Эч токтоосуз эң жакшы тамак-аш жана суусундуктарды, эң комфорт отуруучу жана жатуучу эмеректерди жасоону, ошондой эле заңгыраган үйлөрдү курууну ойлонобуз. Баарыбыз кымбат убактыбызды акыркы модада кымбат кийинип жана сыланып-боёнуп шаан-шөкөттө, той-ашта болууга жумшайбыз.

Өлкөбүздө рух тарбиясы менен алек болгон эч ким калбай калды өңдөнөт. Эртеңкибизди ойлонгон идеалист инсандар жок болду.

Ар кимдин оюнда жалгыз бир максат бар. Ал да, каякта жана кантип көп киреше тапсам деген максат. Ар ким напсисинин арзууларын кандырып, ойноп-жыргап калуунун жолунда. Элдер өрт учурунда колдоруна челек

алып болсо да өрттү өчүрүүгө чуркаган образда эмес, мүмкүнчүлүктөн пайдаланып өз кызыкчылыктары үчүн талап-тоногон каракчылардын, мародёрлордун кейпинде.

Өлкөбүз эски тактадан жасалган, чирип бараткан үйгө окшойт. Күн өткөн сайын аба ырайынын катаалдыгына туруштук бере албай, кыйчылдап, кыймылдап кулаганга аз калган сымал. Бирок эң өкүнүчтүүсү, мындай абал каршысында эч бир атуулдун жүрөгү сыздабайт. Өлкөнүн келечеги үчүн эч бир бийлик ээси, эч бир жөнөкөй жаран кылын кыймылдатып койгонго жарабай жатат."

Чындыгында өлкөнүн ошол учурдагы чыныгы абалы өтө начар болчу.

Ошол учурдун көөдөн дабышы тирүү чоңдору Васильев менен жеке жолугушууларында өлкөнүн жер-кендеринин, токойлорунун жана жер тилкелеринин жеке кызыкчылыктар үчүн таланып-тонолуп арзыбаган баага чет элдиктерге сатылып жаткандыктары жөнүндө ой бөлүшүп кейип кетишээр эле.

Мындай элден жашырылып кылынып жаткан чоңдордун өкүнүчтүү кылык-жоруктары үчүн дин кызматкери Васильев кайгыга батып кыйналаар эле. "Бул абалга каршы эмне кылсак чечүүчү жооп тапкан болот элек?" деп көп изденчү. Анын оюнда элдин ойгонуусу керек болчу. Өзгөчө жаш муун бүгүндөн баштап башкача түшүнүктө тарбияланышы зарыл болчу.

Александр Васильевди көбүнчө колунда бар бай үй-бүлөлөр балдарына диний сабак берүү үчүн үйлөрүнө чакырууну адатка айлантышты. Ошентип элдин элитасынын жаштарын да аруу-тунук сезимдерге тарбиялоо мүмкүнчүлүгү туулду.

Васильевдин бир гана максаты түшүнүктөрү караңгыда калып жол таппай кыйналып жаткан калктын

калың катмарын уюштурган семинарлары, конференциялары аркылуу ойготуп, туура багытка баштап өнүгүүгө, өзгөрүүгө чыйыр салуу болчу. Аны угуп ээрчиген элди көрүп үмүттүү, жандуу жана энергиялуу аракеттенээр эле. Бардык мүмкүнчүлүктөрдү элдин кызыкчылыгына колдонуп, ар дайым жалпынын сезимдерине таасир этүүчү сөздөрүн мындай деп айтчу: “Элдин калың катмары бул мамлекеттин жерпайы. Эгерде жерпай чириген болсо, анда мамлекеттин дубалдарында да жарака пайда болот. Мындай абалда коркунуч бар дегендик. Ошондуктан оңолууну эл өзүнөн, тар чөйрөсү өз үй-бүлөсүнөн, анан тууган-урук, жакын коло-кошуна, дос-жарынан баштап улантуусу зарыл. Тим жаткан менен өзгөрүү өзүнөн өзү болбойт.”

Татеволук дин кызматкери экинчи жактан элитанын да тынчын койбой: “Эл азыркы абалдан улам нааразы. Миллиондогон элдин жүрөктөрү жек көрүүгө толуп бүткөн. Бир күн элдин сабыры түгөнөт. Эл деген -сел. Сел толкуса жаман болот. Кедей, түшүнүгү тар эл толкуса баарын майкандап, чоң зыян алып келет. Алар ойлонбойт. Акырында элге да, элитага да чоң зыян болот. Аны аңдап билгенибизде иш бүтүп, эч кимге пайдасы жок болот. Бушайман болуунун эч кимге пайдасы жок. Бардык аракеттерди убагында жана адилеттүү түрдө жасоо керек” -дечү.

Көбүнчө мындай сөздөрдү чоңдор акылдуусунуп жактырышчу эмес жана шылдың кылган жылмаюулары менен сүйлөшчү:

-Сиз идеалистсиз. Маселеге карата ойлонууну апыртып (чоңойтуп) карайсыз. Реалист болуу керек. Элдин чыныгы абалын так билбейсиз. Ар бир элде элдин калың катмары караңгы болот. Жырткыч мүнөздүү десек жарашат. Аларга боор ооруугa болбойт. Аларды ар дайым тордо гана кармоо туура болот. Эмне кылса эл өзүнө

кылат. Элдин жашоосун оңдоого аракет кылуу анын үстүндө баш оорутуу акылга сыйбаган аракет. Себеби элдин абалы оңолгон сайын эл бузулат. Алар жокчулук, кыйынчылыкка көнүп бүтүшкөн. Бир гана муктаж болгон учурларында гана иштөөгө мажбур болушат. Башка учурларда адеп-ахлактары бузулуп, аракка берилип, кумар оюндарына алаксып, бош жүрүп жалкоолук менен дос болгонду жакшы көрүшөт.

Васильев мындай сөздөрдү ар жерде уга берди. Жакшылыкка баштаган үмүтүнө коркунуч келүүсүнөн чочуду. Бир күнү жубайына мындай деди:

-Мен түшүнбөймүн. Бу адамдар бардыгы өзүнчө эле таштан курулган бир дубал сыяктуу. Эмнени айтсаң да таасири жок. Жүрөктөрү таш, акылдары мас. Ушунчалык таш боор. Бардыгы кыйынсынган, акылдуусунган, текебер. Эгерде чоңдор элдин камын көрбөй минтип жүрө беришсе өкүнүчтүүсү бир күн эл толкуйт. Мына ошондо өздөрү да азап тартат, өлкөнү да кайгыга батырышат. Чоң бир балээнин алдын албай жатышат.

"Убакыт баарына тараза" демекчи айткандары элдин, өлкөнүн башына келди.

## ПАДЫШАНЫН ТАКТАН КУЛАШЫ

Падыша Николай II Орусия тактына отурганына жети жылдын жүзү болгон эле. Биринчи жолу бир диний ыйык күндүн уюштуруучусу катары Васильев цардын сарайына чакырылган болчу.

Сарайдын жооптуулары менен жолугушуу учурунда падыша жана анын жубайы да ал жерде болчу. Василиевдин өзүн алып жүрүүсү жана маанилүү сүйлөөсү аларга аябай жакты. Белгилүү күндөрү цардын үй-бүлөсүнө диний темаларда келип сүйлөп берүүсү үчүн өтүнүштү.

Мына Рачинскийдин тарбиялаган окуучусу, Татево айылынын уулу эми Николай падышанын руханий жол баштоочусу болуп олтурат. Бирок Васильев акыйкаттан, адилеттүүлүктөн тайбаган мүнөзүн ар дайым, ар кандай шартта коргой алды. Васильев мурда чоңдорго тайманбай айтып жүргөн өлкөдөгү чыныгы ачуу абалды падышага да болгонун болгондой айтты.

Бул акыйкатты баалай албаган падышанын жини келип: “Мындан кийин менин жанымда айрым журналисттер сыяктуу болбогон маалыматтарды айтпагын. Элимдин кандай абалда экенин, эмнеге муктаждыгын мен жакшы билемин. Убакты-сааты келгенде элге керектүү шарттарды даярдаймын. Азыр убагы эмес” деген.

Бул сөздөрдү айтып бүтүп падыша Васильевге карап да койбой, артына бурулуп жолугушуу залынан чыгып

кеткен. Ошол күнү цардын кеңешчилеринен бирөө Василиевдин жанына эч нерсе болбогондой, эч нерсе укпагандай жакындап келип, мындай деген: "Эмнегедир бүгүн цардын көңүлү чөгүп турат. Кимдир бирөөлөр же өлкөнү кантип башкарыш керектиги жөнүндө акыл бердиби? Билбей турам. Өзүн бир орунга коюп алган ким? Урматтуум! Булар ушундай күлкүлүү адамдар. Өздөрүн кудайдын жолундагы ыйык, акылдуу адам деп эсептешет. Бирок цар андайларды укканды жактырбайт."

Мындай абалда калган Василиев бул жерде акыйкаттын, адилеттин үнү дүлөй дубалга гана айтылып жүргөнүн түшүндү. Элге арналган жакшы каалоо-тилектерин кудайга жалбарып, дубаларында айтууну уланта берди.

Арадан көп өтпөй 1917-жылкы төңкөрүш болуп өттү. Цар тактан кулатылды. Андан кийин Кренский башкаруучу болуп келди. Ал да руханий жактан алсыз, акылы бийик эмес эле. Чоң Напалеонду туураймын деп элдин бактына бийликтен түшүп калды.

Бул китептеги каарман жөнүндө котормочулар иликтеп көрүп, төмөнкү маалыматты интернеттен алып коштук.

Кренский Александр Фёдорович

(22. 04 (4.5). 1881, Россия империясы, Симбирск шаары – 11. 06. 1970, АКШ, Нью-Йорк шаары, сөөгү Лондонго коюлган)

А. Ф. Кренский – орус саясий ишмери. Мамлекеттик 4-думанын депутаты (1912–1917). Февраль революциясынан кийин (1917) Петроград кеңешмесинин төрагасы, Убактылуу өкмөттүн курамында юстиция министри (1917, март-май), аскер жана деңиз министри (май-сентябрь), 8 (21)-июлдан министр-төрага, 30-августтан (12-сентябрь) башкы командачы. 1917-жылдагы

июнь чабуулунун, 1917-жылдагы июль күндөрүндө жумушчулар жана солдаттарды жазалоонун, большевиктер партиясын куугунтуктоонун демилгечиси. Петрограддагы Октябрь куралдуу көтөрүлүш күндөрүндө [25-октябрь (7-ноябрь)] Керенский-Краснов козголоңуна (1917) жетекчилик кылып, ал талкаланган соң [1(14)-ноябрь], Донго качкан. 1918-жылы Францияга эмиграцияга кетип, 1940-жылдан АКШда жашаган. Мемуарлардын, саясий изилдөөлөрдүн автору. Россиянын 1917-жылдагы саясий тарыхы боюнча маанилүү документтерди камтыган Орус Убактылуу өкмөтү, 1917: Документтер («Русское Временное правительство», 1917: Документы, vol. 1–3, 1961) жыйнагын чыгарган (америкалык тарыхчы Р. П. Браудер менен бирге), аны түзүүдө өзүнүн ишмердигинин ыңгайсыз жактарын чагылдырган документтерди жыйнакка киргизбей койгон. Чыг.: Русская революция, 1917. М., 2005; Дневник политика: революция началась. Издалека. Дело Корнилова. М., 2007.\

Башкаруу төңкөрүшчүлөрдүн колуна өттү. Өлкөнүн ар тарабында өч алмайлар башталды. Баш аламандык. Таанымал бактериолог Зоболотный бир бекетте жок жерден киши колдуу болду. Дин кызматкери Александр Васильев да чоң зыяндарга учурады.

Профессор Рачинский бул жаман күндөрдү такыр көргөн жок. Себеби ал бул күндөр келе электе, мындай оор жагдайлардын эл башына түшпөшү үчүн, өзүн эмес өзгөлөрдү ойлоп жашап, эчак эле бул дүйнөдөн кеткен болчу. Эң негизгиси, артында кылымдар өтсө да таасирин жоготпогон өрнөктүү өмүр калтырып кетти.

**Григорий Петров**

**МЫКТЫ АДАМ**

Кыргыз тилине которгондор:
**Турсунали БАЙМУРАДОВ,**
**Куштарбек КИМСАНОВ**

Редактору: Куштарбек **КИМСАНОВ**

Корректору: Исажан **ТУРДАЛИЕВ**

Компьютерде даярдаган: Нурлан **КАЛЫБЕК** уулу

Мукабанын дизайнери: Али **ЖАКЫП**

Бул китеп боюнча сунуш-пикирлерди төмөнкү даректер аркылуу билдирсеңиздер болот:
⇨ kitep.kg1@gmail.com
⇨ www.facebook.com/kitep.kg
+996 776 667777.

**"KITEP.KG"** басмасы

250с007

Терүүгө берилди: 08. 04.2019.
Кайра басууга кол коюлду: 15. 09.2019.
Нускасы 1500

250с00т

9 789967 918382